**13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы жана 13.00.04 – дене тарбиясынын, спорттук машыгуулардын жана ден соолукту чыңдоочу дене-тарбиясынын теориясы жана методикасы адистиктери боюнча И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин 2024-жылдагы аткарган иши жөнүндө**

# ОТЧЕТУ

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңеши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын 2023-жылдын 11-январындагы №73-буйругу менен бекитилген. Анын курамына Кыргызстандагы жалпы педагогиканы изилдеген окумуштуулар кирген. Диссертациялык кеңештин эки мүчөсү 13.00.04 – дене-тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден-соолукту чыңдоо жана адаптивдүү дене-тарбиясынын теориясы жана методикасы адистиги боюнча И.Ф. Андрущишин жана Макагонов А.Н. Казак Республикасынын жарандары.

Диссертациялык кеңешке төмөнкү адистиктер боюнча диссертацияларды коргоого кабыл алууга уруксат берилген: 13.00.01 – педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене-тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден-соолукту чыңдоо жана адаптивдүү дене-тарбиясынын теориясы жана методикасы адистиктери, педагогика илимдери.

Диссертациялык кеңеш КР Президентине караштуу УАКтын талаптарына ылайык иш алып барды:

1. Изденүүчүлөр диссертацияны диссертациялык кеңешке тапшыруудан мурда онлайн-регистрациядан өтүштү.
2. Антиплагиат системасына ылайык диссертациялар изденүүчү тарабынан коргоого чейин текшерүүгө жөнөтүлүп, эгерде көрсөтүлгөн проценттен ашып кетсе оңдоого шарт түзүлдү.
3. Диссертациялык кеңешке изденүүчүнүн диссертациясын жана аттестациялык делосун кабыл алган күндөн баштап диссертацияны кароонун бардык этаптары Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын сайтында чагылдырылып турду.

4. Диссертациялык кеңеш тарабынан дайындалган эксперттик комиссиянын мүчөлөрү окумуштуу катчы менен бирдикте адистик дисциплинадан экзамендерди кабыл алып жатышты.

5. Улуттук аттестациялык комиссия тарабынан кабыл алынган нормативдик документтер жетекчиликке алынып, диссертациялык кеңештин ишине чоң жардам берди.

6. Диссертациялык кеңештин ишине наарazычылык болгон жок жана УАКтын кара тизмесине илимий жетекчилердин аты-жөнү кирген жок.

Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү бардык отурумдарга активдүү катышып жатышты (отурумга катышпаган учурлар сейрек кездешет). Диссертациялык кеңештин 4 мүчөсү: Андрущишин И.Ф. Макагонов А.Н. (Казакстан Республикасынан), Зулуев Б.Б. (Ош шаарынан), Ажибаева А.Ж. (Талас шаарынан) отурумдарга оффлайн жана онлайн форматында катышып жатышты.

Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү бардык отурумдарга активдүү катышып жатышты (отурумга катышпаган учурлар сейрек кездешет). Диссертациялык кеңештин 4 мүчөсү: Андрущишин И.Ф. Макагонов А.Н. (Казакстан Республикасынан), Зулуев Б.Б. (Ош шаарынан), Ажибаева А.Ж. (Талас шаарынан) отурумдарга оффлайн жана онлайн форматында катышып жатышты.

Азыркы күндө 5 изденүүчүнүн диссертациясы (Сарканбаева Г.К., Абилова З.Т., Ибирайым к.А., Азизов Б.Р., Амираева Л.А.) экспертттердин кароосунан өтүп, алдын-ала коргоого сунушталган, 1 изденүүчүнүн диссертациясы (Доронбаева Н.О.) эксперттик текшерүү процедурасын өтүүдө.

## Отчеттук мезгил ичинде кеңеште корголгон диссертациялардын кыскача мүнөздөмөсү

Отчеттук жыл ичинде 20 диссертация корголду (1 докторлук жана 19 кандидаттык диссертациялар). Корголгон диссертациялардын ичинен:

- 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча – 18 диссертация (кандидаттык диссертация);
- 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене-тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден-соолукту чыңдоо жана адаптивдүү дене-тарбиясынын теориясы жана методикасы биргелешкен адистиктери боюнча – 2 (1 докторлук жана 1 кандидаттык диссертация).

1 докторлук диссертация бир жолку коргоону өткөрүүгө уруксат берүү жөнүндөгү диссертациялык кеңештин өтүнүч катынын негизинде Кыргыз

Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын жыйынынын чечими менен коргоого уруксат берилип, корголду:

- 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене-тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден-соолукту чыңдоо жана адаптивдүү дене-тарбиясынын теориясы жана методикасы биргелешкен адистиктери боюнча – Касмалиева А.С. (КР УАКтын буйругу 11-декабрь 2023-жыл буйрук №50);

Изденүүчүнүн арызы боюнча кароодон алынып салынган иштер – жок.

Диссертациялар мамлекеттик жана расмий тилдерде жазылып, корголду. 12 диссертация мамлекеттик тилде, 8 диссертация расмий тилде жазылып корголду.

Корголгон диссертациялар Кыргызстандын жогорку окуу жайларында аткарылган:

✓ И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде – 6;
✓ Ош мамлекеттик университетинде – 3;
✓ Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде – 4;
✓ К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинде – 2;
✓ Кыргыз мамлекеттик дене-тарбия жана спорт академиясында – 2;
✓ С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде – 2;
✓ Талас мамлекеттик университетинде – 1.

Диссертацияларын коргогон изденүүчүлөрдүн арасынан – 28 изденүүчү Кыргызстандын, 6 изденүүчү Казахстандын, 1 изденүүчү Россиянын жарандары.

Азыркы күнгө карата 11 диссертациялык иш КР УАК тарабынан бекитилди, 9 диссертация эксперттик текшерүү процедурасын өтүүдө.

Диссертациялык иштердин темалары жана изилдөө предметтери жети багытты камтыйт:

1. *Педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы боюнча изилдеген – 1* (Самаров А.).

2. *Мектеп билиминдеги проблемаларды чечүүгө арналган* – 5 (Турукбаева А.К., Өмурзакова Г.А., Айдаров А.Ж., Касмалиева А.С., Кумашова А.А.).

3. *Жогорку окуу жайларындагы адистик билим берүү жана тарбия берүү проблемаларын камтыган* – 11 (Джоошбекова З.Р., Максакова А.Е., Тыныбекова Ч.А., Асаналиева Ч.Н., Асанкулова М.К., Джузбаева А.Н., Байсубанова А.К., Омуров Н.К., Манашева К.П., Кылышпай Б.С., Сооронбаева К.А.).

4. *Мектепке чейинки билим берүү проблемаларына арналган* – 1 (Кошалиева С.Ш.).

5. *Квалификацияны жогорулатуу проблемаларын камтыган* – 2 (Кемешова А.М., Кашхынбай Б.Б.)

**Илимдин докторунун/кандидатынын окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялар жөнүндө маалымат**

| № | Изденүүчүнүн фамилиясы, аты, атасынын аты | Эксперттик комиссия | Расмий оппонент | Диссертациялык иш аткарылган ЖОЖ жана илимий уюмдар |
|---|---|---|---|---|
| **1** | **2** | **3** | **4** | **5** |
| 1 | Турукбаева Аида Канатбековна | Мамытов А.М., Акиева Г.С., Джанузаков К.Ч. | Мамытов А.М., Умарбекова А.А. | Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети |
| 2 | Джоошбекова Зинагүл Рысбаевна | Асипова Н.А., Алимбеков А., Джанузаков К.Ч. | Асипова Н.А., Каденова Ж.Т. | Ош мамлекеттик университети |
| 3 | Максакова Алёна Евгеньевна | Асипова Н.А., Сартбекова Н.К., Алимбеков А. | Асипова Н.А., Абдыбекова Н.А. | И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети |
| 4 | Өмурзакова Гүлкайыр Абдималиковна | Асипова Н.А., Зулуев Б.Б., Иманалиев Т.Т. | Асипова Н.А., Эрдолатов С.С. | И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети |
| 5 | Самаров Айбек | Мамытов А.М., Ажибаева А.Ж., Иманалиев Т.Т. | Мамытов А.М., Муратбаев Б.Б. | И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети |
| 6 | Тыныбекова Чолпон Абдикеримовна | Калдыбаева А.Т., Сартбекова Н.К., Ибраев А.Д. | Асипова Н.А., Ажибаев Д.М. | Ош мамлекеттик университети |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7 | Асаналиева Чынара Ниязалиевна | Алимбеков А., Ажибаева А.Ж., Джанузаков К.Ч. | Алимбеков А., Шамбеталиев К.Ы. | Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети |
| 8 | Асанкулова Мазира Көчөровна | Калдыбаева А.Т., Зулуев Б.Б., Джанузаков К.Ч. | Мураталиева М.А., Эргешали к.А. | С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети |
| 9 | Джузбаева Айзада Нургазиевна | Асипова Н.А., Ажибаева А.Ж., Турусбекова А.Э. | Асипова Н.А., Бектурова Э.О. | И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети |
| 10 | Кемешова Аккумис Мендигалиевна | Акиева Г.С., Панкова Т.В., Иманалиев Т.Т. | Карабалаева Г.Т., Токтомаметов А.Д. | И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети |
| 11 | Айдаров Азамат Жекшенбаевич | Ажибаева А.Ж., Джанузаков К.Ч., Иманалиев Т.Т. | Ажибаева А.Ж., Даминова И. | Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети |
| 12 | Касмалиева Анаркан Сарыгуловна | Андрущишин И.Ф., Макогонов А.Н., Анаркулов Х.Ф. | Карабалаева Г.Т., Андрущишин И.Ф., Неверкович С.Д. | Б. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене-тарбия жана спорт академиясы |
| 13 | Байсубанова Ася Карыбековна | Панкова Т.В., Сартбекова Н.К., Карабалаева Г.Т. | Карабалаева Г.Т., Шерматова И.К. | К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети |
| 14 | Кошалиева Салтанат Шайдуллаевна | Алимбеков А., Ажибаева А.Ж., Иманалиев Т.Т. | Алимбеков А., Адылбек к.Г. | К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети |
| 15 | Омуров Нурлан Кубатович | Мамытов А.М., Асипова Н.А, Алимбеков А. | Мамытов А.М., Абдыбекова Н.А. | С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 16 | Кумашова Аида Анаркуловна | Асипова Н.А. Алимбеков А., Рыспаева Ч.К. | Алимбеков А., Бейшеналиева У.Ү. | Талас мамлекеттик университети |
| 17 | Кылышпай Баян Сагындык кызы | Сартбекова Н.К., Ажибаева А.Ж., Иманалиев Т.Т. | Ажибаева А.Ж., Такенова Ж.Т. | И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети |
| 18 | Манашева Кенжегүл Пазыловна | Мамытов А.М., Асипова Н.А., Джанузаков К.Ч. | Мамытов А.М., Карагозуева Г.Ж. | Б. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене-тарбия жана спорт академиясы |
| 19 | Кашхынбай Байжуман Балтабайулы | Мамытов А.М., Панкова Т.В., Ажибаева А.Ж. | Ажибаева А.Ж., Токтомаметов А.Д. | Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети |
| 20 | Сооронбаева Каухар Акылбековна | Асипова Н.А., Алимбеков А., Төрөгелдиева К.М. | Асипова Н.А., Бейшеналиева У.Ү. | Ош мамлекеттик университети |

## Илимдин докторунун/кандидатынын окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялар жөнүндө маалымат

**А. К. Турукбаеванын** *«Мугалимдер менен ата-энелердин окуучулардын табигый предметтер боюнча жетише албагандыгынын алдын алуу боюнча өз ара аракеттешүүсүнүн педагогикалык шарттары»* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында окуучулардын табигый предметтер боюнча жетише албагандыгын жеңүү маселесине карата заманбап илимий-теориялык мамилелердин аныкталышы, мугалимдер менен ата-энелердин окуучулардын табигый предметтер боюнча жетише албагандыгынын алдын алуу боюнча өз ара аракеттешүүсүнүн мазмуну менен методикаларынын иштелип чыгышы, педагогикалык моделдин практикалык сунуштамаларынын иштелип чыгышы, жетише албагандыкты жеңүү боюнча оптималдуу педагогикалык шарттардын аныкталышы эсептелет.

*Изденүүчү тарабынан 13 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Асипова Н.А.*

**З. Р. Джоошбекованын** *«Болочок мугалимдерди көп маданияттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары (кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын мисалында)»* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында ЖОЖдо болочок башталгыч класс мугалимдеринин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялоо теориялык жактан негизделип, «көп маданияттуулук» мугалимдин инсандык жана кесиптик интегралдык сапаты катары аныкталган; болочок башталгыч класстын мугалимдеринин көп маданияттуулугунун түзүмдүк компоненттери (мотивациялык, когнитивдик, баалоочу-мазмундук, иш-аракеттик), критерийлери, көрсөткүчтөрү жана (төмөнкү, ортоңку, жогорку) деңгээлдери негизделип, айкындалган; болочок башталгыч класс мугалимдерин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун камсыз кылган педагогикалык шарттар, теориялык модель иштелип чыккан жана натыйжалуулугу педагогогикалык экспериментте тастыкталган.

*Изденүүчү тарабынан 29 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Бабаев Д.Б.*

**А. Е. Максакованын** *«Заманбап жогорку окуу жайларынын студенттеринин инновациялык окуу ишмердүүлүгүн уюштуруунун педагогикалык шарттары («Англис тили» сабагынын мисалында)»* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында англис тили сабагында студенттердин инновациялык окуу ишмердүүлүгүн уюштуруунун теориялык негиздери ачылган; изилдөө проблемасы боюнча адабияттарды талдоонун негизинде иликтенип жаткан проблеманын методологиялык аспектилери, аны изилдөөнүн методдору жана диагностикалык методикасы аныкталган; англис тили сабагында студенттердин инновациялык окуу ишмердүүлүгүн натыйжалуу уюштуруунун педагогикалык шарттары иштелип чыккан, негизделген жана анын өзөгүн структуралык-мазмундук модель түзгөн.

*Изденүүчү тарабынан 8 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Панкова Т.В.*

**Г. А. Өмурзакованын** *«Башталгыч класстын окуучуларын класстан тышкаркы иште улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун педагогикалык шарттары»* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шартында класстан тышкаркы иштерде башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун мазмуну, маңызы негизделген; башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбияламгандыгынын критерийлери, деӊ-гээлдери такталган; класстан тышкаркы иштерде башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун

педагогикалык шарттары, модели аныкталып педагогикалык экспериментте текшерилген; «улуттар аралык маданиятка тарбиялоо» түшүнүгү такталган; башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоого багытталган класстан тышкаркы иштердин системасы апробацияланган.

*Изденүүчү тарабынан 10 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Калдыбаева А.Т.*

**А. Самаровдун** *«Кыргызстан менен Япониянын жогорку билим берүү системасын салыштырма талдоо»* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында жогорку билим берүү системасынын салыштырма анализинин маңызынын жана мазмунунун теориялык негиздери аныкталган, Кыргызстандын жана Япониянын жогорку билим берүү системасына талдоо жүргүзүлдү; Кыргызстандын жана Япониянын жогорку билим берүү системасынын салыштырма анализин уюштуруунун методологиялык мамилелери жана методдору аныкталган; Кыргызстандын жана Япониянын жогорку билим берүү системасынын абалына жана өнүгүү тенденцияларына салыштырма-тектештирме талдоо жүргүзүлгөн жана ата мекендик билим берүү системасын өнүктүрүү үчүн сунуштар сунушталган.

*Изденүүчү тарабынан 11 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: т.и.д., профессор Абдырахманов Т.А.*

**Ч. А. Тыныбекованын** *«Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануу менен студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруунун педагогикалык шарттары»* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында студенттердин өз алдынча ишинин маңызы жана түзүмү такталган (ал мотивациялык, маалыматтык-мазмундук, рефлексивдик компоненттерден турат жана процессуалдык компонент менен толукталган); студенттердин өз алдынча ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун педагогикалык шарттары аныкталып, эксперимент аркылуу текшерилген.

*Изденүүчү тарабынан 22 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.к., доцент Сыдыкова Т.М.*

**Ч. Н. Асаналиеванын** *«Педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок мугалимдин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу»* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында болочок мугалимдердин теориялык билимин педагогикалык практика учурунда колдонуунун өзгөчөлүктөрү ачылып, болочок мугалимдердин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун теориялык негиздери такталып, мүмкүнчүлүктөрү системалаштырылган. Болочок англис тили мугалиминин педагогикалык практика учурундагы кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун теориялык модели жана педагогикалык шарттары, компетенциялардын

мазмуну, деңгээлдери, көрсөткүчтөрү жана аларды баалоо критерийлери иштелип чыккан.

*Изденүүчү тарабынан 13 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., доцент Карабалаева Г.Т.*

**А. Н. Джузбаеванын** *"Кыргызстандын жогорку окуу жайларында декоративдик-колдонмо искусствону окутуунун тарыхы жана тенденциясы"* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында болуп кыргыз элинин декоративдик колдонмо искусствонун калыптанышынын жана өнүгүшүнүн теориялык жана тарыхый негиздери ачылган; кыргыз элинин декоративдик колдонмо искусствонун маанилүү мүнөздөмөлөрү теориялык жактан негизделген; ретроспективдүү анализдин негизинде Кыргызстандын жождорунда декоративдик колдонмо искусствонун даярдоонун илимий-теориялык негиздери аныкталган; «Кийиз техникасы улуттук кийимдерди көркөм моделдөө» атайын курсунун мазмунун негизинде Кыргыздын улуттук кийимдерин тигүүдөгү салттуу колдонмо искусствонун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жождо чыгармачылык өнөрдү эффективдүү окутуунун педагогикалык шарттары жана теориялык модели иштелип чыккан; системалык, ишмердүүлүккө негизделген, компетенттүүлүккө негизделген жана маданий мамилелердин жоболоруна ылайык ЖОЖдун окуу процессинде декоративдик колдонмо искусствону натыйжалуу окутуунун модели иштелип чыккан.

*Изденүүчү тарабынан 12 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Сартбекова Н.К.*

**М. К. Асанкулованын** *"Жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун педагогикалык шарттары"* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун теориялык негиздери талдоо менен "үй-бүлө куруу", "үй-бүлөлүк турмушка даярдоо" түшүнүгү такталып, үй-бүлө курууга даярдык деңгээлинин аныкталган. Үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун илимий педагогикалык шарттарынын аныкталышы жана анын моделинин даярдалышы, ошондой эле алардын педагогикалык экспериментте текшерилиши менен мүнөздөлүнөт.

*Изденүүчү тарабынан 9 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Сияев Т.М.*

**А. Ж. Айдаровдун** *«Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу»* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык негиздери системалаштырылган, «экологиялык компетенттүүлүк» окуучулардын

алдыңкы сапаты катары аныкталган; статустук мектепттин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүнүн түзүмдүк компоненттери (когнитивдик, мотивациялык, практикалык-ишмердик, эмоционалдыкэрктүүлүк), критерийлери, көрсөткүчтөрү жана төмөнкү, ортоңку, жогорку деңгээлдери негизделип, айкындалган; статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары, теориялык модель иштелип чыккан жана натыйжалуулугу педагогогикалык экспериментте тастыкталган.

*Изденүүчү тарабынан 11 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Раимкулова А.С.*

**А. М. Кемешованын** *«Квалификацияны жогорулатуу системасында инклюзивдик билим берүү программасынын мазмунун өркүндөтүү»* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында квалификацияны жогорулатуу системасында аксиологиялык мамиленин негизинде инклюзивдик билим берүү программаларынын мазмунун өркүндөтүүнүн теориялык негиздери ачылып, көйгөйдү изилдөөнүн методологиялык ыкмалары жана ыкмалары негизделген. Квалификацияны жогорулатуу системасында аксиологиялык мамиленин негизинде инклюзивдик билим берүүнүн мазмунун өркүндөтүүнүн структуралык-мазмундук модели иштелип чыккан. Аксиологиялык ыкманын негизинде квалификацияны жогорулатуу системасында инклюзивдик билим берүү программаларынын мазмунун өркүндөтүүнүн натыйжалуулугу эксперименталдык жактан далилденген.

*Изденүүчү тарабынан 12 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Чоров М.Ж.*

**А. К. Байсубанованын** *"Студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары"* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун теориялык маселелери талданган; студенттик чөйрөдө толеранттуулук маданиятын калыптандыруунун милдеттери, принциптери, илимий ыкмалары такталып, максатка ылайык теориялык модель жана аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттары аныкталган; студенттердин толеранттуулук маданиятын калыптандыруу боюнча иш-чараларды даярдоо жана өткөрүү боюнча тапшырмалар сунушталган; иштелип чыккан моделдин жана педагогикалык шарттардын натыйжалуулугу эксперименталдык түрдө текшерилген; педагогикалык багыттагы студенттер үчүн даярдалган "Толеранттуулук маданиятын калыптандыруу технологиясы" атайын курсу, ошондой эле "ЖОЖдун билим берүү чөйрөсүндө студенттердин жана окутуучулардын толеранттуулугун калыптандыруу" өнүктүрүү программасы иштелип чыгып, практикага киргизилген.

*Изденүүчү тарабынан 14 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Калдыбаева А.Т.*

**С. Ш. Кошалиеванын** *«Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары»* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында мектепке чейинки мекемелерде балдардын ден соолугун чыңдоого багытталган педагогикалык технологиялардын өзгөчөлүктөрү жана теориялык негиздери аныкталган; ден соолукту чыңдоочу педагогикалык технологиялар боюнча психологиялык-педагогикалык изилдөөлөр системалаштырылып, заманбап технологияларга мүнөздөмө берилген; мектепке чейинки балдардын ден соолугун чыңдоого багытталган педагогикалык технологияларды колдонуу боюнча принциптер жана этаптарды камтыган модель иштелип чыгып, анын педагогикалык шарттары аныкталган; айкындалып негизделген модель жана педагогикалык шарттардын эффективдүүлүгү эксперимент аркылуу текшерилген жана практикалык сунуштар иштелип чыккан.

*Изденүүчү тарабынан 19 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Калдыбаева А.Т.*

**Н. К. Омуровдун** *"Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)"* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында изилдөө проблемасы боюнча илимий адабияттарды талдоонун жана жалпылоонун негизинде «билим берүүнүн сапаты», «билим берүүнүн сапатын башкаруу» түшүнүктөрүнүн мазмуну такталган жана билим берүүнүн сапатын башкаруунун дүйнөлүк моделдердин ортосундагы айырмачылыктар ачыкталган; окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун педагогикалык шарттары аныкталган; окутуунун натыйжасынын негизинде билим берүүнүн сапатын арттыруунун модели иштелип чыккан. Эксперименталдык иликтөөнүн жыйынтыгы менен окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын башкаруунун эффективдүүлүгүн жогорулатууга карата жогорку окуу жайлардын структуралык бөлүмдөрүнө практикалык сунуштар иштелип чыккан.

*Изденүүчү тарабынан 10 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Калдыбаев С.К.*

**А. А. Кумашованын** *"Башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой-жүгүртүүсүн атайын тапшырмалар аркылуу өстүрүүнүн педагогикалык негиздери"* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой-жүгүртүүсүн атайын тапшырмалар аркылуу өнүктүрүүнүн психологиялык-педагогикалык өбөлгөлөрү жана негизги түшүнүктөрү ачылып көрсөтүлгөн; башталгыч класстарда

математиканы окутуу процессинде атайын тапшырмалар аркылуу окуучулардын логикалык ой-жүгүртүүсүн өстүрүүгө мугалимдердин мотивациясын, атайын тапшырмаларды иштеп чыгуунун принциптерин жана окуучулардын өз алдынча ишмердүүлүгүн активдештирүүнү камтыган педагогикалык шарттар аныкталган; башталгыч класстардын математика сабактарында атайын тапшырмалар аркылуу окуучулардын логикалык ой-жүгүртүүсүн өстүрүүнүн педагогикалык шарттарын окутуу процессине киргизүүнүн жолдору педагогикалык эксперимент аркылуу тастыкталып, илимий-практикалык сунуштар иштелип чыккан.

*Изденүүчү тарабынан 13 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Төрөгелдиева К.М.*

**Кылышпай Баян Сагындык кызынын** *"ЖОЖдо болочок мугалимдерди модулдук окутуу технологиясын колдонууга даярдыгын калыптандыруунун педагогикалык шарттары"* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында болочок мугалимдердин мотивациялык-багыттоочу, мазмундук-операциялык жана контролдук-баалоочу компоненттерди камтыган билим берүү процессинде модулдук окутуу технологиясын пайдаланууга даярдыгынын курамы жана түзүмү ачылган; көрсөтүлгөн даярдыктын калыптануу критерийлери белгиленген, аларга тиешелүү деңгээлдер аныкталган: өтө төмөн, төмөн, орто, жогорку; билим берүү процессинде модулдук окутуу технологиясын колдонууга болочок мугалимдердин даярдыгын калыптандыруунун педагогикалык шарттары теориялык жактан негизделген жана эксперименталдык түрдө текшерилген.

*Изденүүчү тарабынан 11 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Калдыбаева А.Т.*

**К. П. Манашеванын** *«Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери»* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында болочок дене тарбия мугалимдеринин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери аныкталган; аталган адистик бюонча компетенттүүлүктү калыптандырууну теориялык модели жана педагогикалык шарттары ишелип чыккан; алар педагогикалык эксперименттен өткөрүлүп тиешелүү педагогикалык сунуштар берилген.

*Изденүүчү тарабынан 12 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Токсонбаев Р.Н.*

**Кашхынбай Байжуман Балтабайулынын** *"Билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин педагогикалык толеранттуулугун калыптандыруу"* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында педагогикалык толеранттуулук

түшүнүгүнүн маңызы, генезиси, көпкомпоненттүү түзүлүшү жана мазмуну ачылган; билим берүү уюмдарынын жетекчлеринин педагогикалык толеранттуулугун калыптандыруунун методологиялык аспектилери аныкталган, билим берүү мекемелердин жетекчилеринин педагогикалык толеранттуулугун калыптандырууну изилдөөнүн методологиясы жана методдору аныкталып, педагогикалык толеренттуулукту калыптандыруунун модели түзүлгөн; толеранттуу чөйрөгө өтүүнү башкарунун педагогикалык механизмдери аныкталган; педагогикалык толеранттуулукту калыптандыруунун мазмуну, формалары жана методдору иштелип чыккан.

*Изденүүчү тарабынан 8 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Асипова Н.А.*

**К. А. Сооронбаеванын** *"Компетенттүүлүк мамиледе магистрдик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо ("Физика-математикалык билим берүү" магистрдик программасынын мисалында)"* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында компетенттүүлүк мамилеге негизделген билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо, баалоо боюнча теориялык көз караштар, түптүү түшүнүктөр, компетенттүүлүк мамиленин маңызы, магистрдик деңгээлдин мүнөздөмөлөрү, физика-математикалык билим берүүдөгү тенденциялар ачылып көрсөтүлгөн; "Физика-математикалык билим берүү" магистрдик программасынын окутуу натыйжаларын долбоорлоонун жана баалоонун практикадагы абалы аныкталган; "Физика-математикалык билим берүү" магистрдик программасынын окутуу натыйжаларын долбоорлоонун жана баалоонун модели компетенттүүлүк мамилеге негизделип, физика-математикалык билим берүүдөгү магистрдик программаларга коюлган талаптардын негизинде иштелип чыккан; моделдин натыйжалуулугу эксперимент аркылуу текшерилип, практикалык сунуштар берилген.

*Изденүүчү тарабынан 15 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.к., доцент Алтыбаева М.*

Корголгон диссертациялардын темалары актуалдуу, теориялык жана практикалык мааниге ээ, билим берүү тармагындагы орчундуу проблемаларды чечүүгө багытталган деген чечимдер тийиштүү талкуу жана коргоо учурунда басымдуу белгиленип жатты.

Өткөрүлүп жаткан отурумдарга, отчетко даярдануу мезгилинде, диссертациялык кеңештин акыркы отурумунда пикир алышуулар болуп, төмөндөгүдөй тыянакка келдик: диссертациялык кеңешке келип түшкөн ар бир диссертациялык иш объективдүү анализделинип жатты, диссертациялык иштерди кароодо эксперттик комиссиянын мүчөсү, расмий оппонент катары

диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнөн сырткары педагогика тармагындагы адистер тартылды.

Мамлекеттик тилден кандидаттык экзамендин “Кыргызтест” мамлекеттик мекемеси тарабынан алынышы; адистик дисциплинадан кандидаттык экзамендин эксперттик комиссиянын мүчөлөрү тарабынан алынышы; жашыруун добуш берүүнүн электрондук онлайн форматынды өткөрүлүшү, диссертациялык кеңеште диссертацияны кароонун бардык этаптары Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын сайтында чагылдырылышы учурдун чакырыктарына жооп берген талаптар аткарылды.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы,**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор Дюшеева Н.К.**

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Абдыкапарова А.О.**